**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

# Т О К Т О М У

08.07.2026-жыл № 17-1 Араван айылы

## С. Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2026-жылдын 6 айында жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, айыл аймагыны социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө.

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2026-жылдын 6 айында жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, айыл аймагыны социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун маалыматын (отчетун) угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 6-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2026-жылдын 6 айында жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, айыл аймагыны социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун маалыматы (отчету) канаатандырарлык деп табылсын.
2. Айыл өкмөтүнө айыл өкмөтүнүн 2025-2029-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында көрсөтүлгөн пландарды жана инфраструктуралык долбоорлордун толук аткаруусу тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүндө каттоодо турган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, майыптыгы бар жарандарды социалдык жактан коргоо, аларга даректүү жардамдарды көрсөтүү иштери туруктуу көзөмөлгө алуусу айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адистерине жүктөлсүн.
4. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу, чыгаша бөлүгүн үнөмдөө, салык жана салык эмес төлөмдөрдү өз убагында жыйноо иштери күчөтүлүп, кошумча киреше булактарды табуу менен жылдан жылга жергиликтүү бюджетти жогорулатуу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
5. Айыл аймагындагы Октябрь, Каррак айылдарынын тургундарын таза ичимдик суусу менен 100 пайызга камсыздоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
6. 2026-жылда социалдык-экономикалык, маданий багыттарда аткаруу үчүн белгиленген иш-чаралардын өз убагында так аткарылышын камсыз кылууда, айылдарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана башка иш-чараларды жүзөгө ашырууда айыл аймагында жашаган элди мобилизациялоону мындан ары дагы жогорку деңгээлге көтөрүү жагы айыл өкмөтүнө жана тийиштүү адистерине тапшырылсын.

7. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

# Т О К Т О М У

08.07.2026-жыл № 17-2 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, инфраструктураныны жакшыртуу максатында айыл өкмөтүнө тартылган инвестициялар жана гранттар жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, инфраструктураныны жакшыртуу максатында айыл өкмөтүнө тартылган инвестициялар жана гранттар жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун маалыматын угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 6-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, инфраструктураныны жакшыртуу максатында айыл өкмөтүнө тартылган инвестициялар жана гранттар жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун маалыматы эске алынсын.
2. Айыл өкмөтүнө айыл аймагынынын өнүктүрүү программасына ылайык, эл аралык уюмдар, донорлор жана инвесторлор менен тыгыз байланышта иштөөсү тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети жетишсиз болгондугуна байланыштуу 2027-жылга карата айыл аймагындагы эң көйгөйлүү маселелерди аткарууда Республикалык, Облустук, Райондук өнүктүрүү фондоруна атайын долборлорду даярдоо жана айылдык кеңешинин сессиясына киргизүүсү айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4. Айыл аймагынын айылдарында аткарылуучу таза суу түтүктөрүнү тартуу, жолдоруну асфальттоо жана инфраструктурасын жакшыртуу иштерине атайын өнүктүрүү фондорунан акча каражатын тартуу жагы айыл өкмөтүнө жана муниципалдык ишкана жетекчилерине тапшырылсын.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

**Т О К Т О М У**

08.07.2026-жыл № 17-3 Араван айылы

**С. Юсупова айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилердин, элге билим берүү, саламаттык сактоо мекемелеринин жана калкты кышка даярдыгынын абалы жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилердин, элге билим берүү, саламаттык сактоо мекемелеринин жана калкты кышка даярдыгынын абалы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысын орун басары Б.А.Шайымкуловдун маалыматын угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 6-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С. Юсупова айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилердин, элге билим берүү, саламаттык сактоо мекемелеринин жана калкты кышка даярдыгынын абалы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысын орун басары Б.А.Шайымкуловдун маалыматы эске алынсын.
2. 2026-жылдын 15-ноябрына чейин айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилерди жана калкты толук кышка даярдоону камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Айыл аймагында 2025-2026-жылдарда кыш мезгилине карата социалдык-маданий объектилерин, билим берүү саламаттыкты сактоо мекемелериндеги көмүрдүн 2026-2027-жылга карата калган калдыгын эсептеп чыгуусуу айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилерди, элге билим берүү, саламаттык сактоо мекемелерини жана айыл аймагынын тургундарын кыш мезгилине карата жогорку сапаттуу көмүр менен камсыздоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
5. Айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин отказандарын кыш мезгилине карата толук капиталдык оңдөп-түзөө иштерин акырына чыгаруу айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.
6. Айыл өкмөтүндө каттоодо турган аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө, майыптыгы бар айыл аймагынын тургундарына акысыз жана айыл аймагынын айылдарына арзан баада көмүр сатуучу пункттарын ачуу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
7. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ С.ЮСУПОВА**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

# Т О К Т О М У

08.07.2026-жыл № 17-4 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына Ош облусунун өнүктүрүү фондуна айыл өкмөтүнүн бюджетинен өздүк салымы үчүн акча каражатын ажыратуу жөнүндө**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан Араван айылынын Б.Айдаров, М.Султанов көчөлөрүндө жайгашкан көп кабаттуу үйлөрүнүн 192 батирин жылытуу системасына туташтыруу жана электр энергиясын үнөмдөө боюнча от казандарын үчүн атайын жай курууга Ош облусунун өнүктүрүү фондунан акча каражатын алууда айыл өкмөтүнүн бюджетинен өздүк салымы үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5 -пунктуна ылайык, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С. Юсупова айыл өкмөтүнүн “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына Ош облусунун өнүктүрүү фондуна долбоордук өздүк салымына айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 1миллион (бир миллион) сом акча каражаты ажыратылсын.
2. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен ажыратылган акча каражатын бекитилген тартипте бөлүп берүү жана максаттуу жумшалысын көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнүн бөлүм башчы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
3. “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына айыл аймагындагы социалдык-маданий объектилердин, элге билим берүү, саламаттыкты сактоо жана башка мекемелердин кышкы жылытуу мезгилине карата өз убагында сапаттуу даярдалышын камсыз кылуу жагы тапшырылсын.
4. Ушул токтом каттался, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

**Т О К Т О М У**

8.07.2026-жыл № 17-5 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө.**

С. Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн бөлүм башчы башкы эсепчиси Р. Базарбаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-жарым жылдыгында жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын киреше бөлүгүнүн өзгөрүүлөрү №1-тиркемеге карата бекитилсин. (1-тиркеме тиркелет.)
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-жарым жылдыгында жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын чыгаша бөлүгүнүн кошумча каражаттарынын өзгөрүүлөрү №2-тиркемеге карата бекитилсин. (2-тиркеме тиркелет.)
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика, , каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8-чакырык 17-сессиясынын
№ 17-5 токтомуна
**№ 1- тиркеме**

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджетинин кирешеси, жыл башында бекитилген планга карата өзгөрүүлөрү төмөндөгүчө:**

| № | **Кирешелердин аталышы** | **Алымча (миң сом)** | **Кошумча (миң сом)** |
|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы ( подоход ) | **-** | +10000,0 |
| | Бюджет боюнча: | - | +10000,0 |
| | | | |
| 2 | Атайын каражат: | - | +800,0 |
| | Бардыгы бюджет жана атыйын каражат | - | 10800,0 |
| | | | |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8-чакырык 17-сессиясынын
№ 17-5 токтомуна
**№ 2- тиркеме**

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 2-жарым жылдыгында жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын чыгаша бөлүгүнүн кошумчасы төмөндөгүчө.**

| Беренелердин аталышы | **Берене** | Алымча (-) | Кошумча **(миң сом)** (+) |
|---|---|---|---|
| Балдар бакчасы | | | |
| Учурдагы оңдоо | 2221 | - | +750,0 |
| ТКЧ (ЖКХ) | | | |
| Субсидия | 2511 | - | +1250,0 |
| Имарат жана курулуш | 3111 | - | +8000,0 |
| Бардыгы бюджет: | | | +10000,0 |
| Атайын каражаттар | | | |
| Тамак аш сатып алуу | **2218** | - | +800,0 |
| Бюджет жана атайын каражаттар: | | | +10800,0 |
| | | | |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

**Т О К Т О М У**

8.07.2026-жыл № 17-6 Араван айылы

**Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо боюнча С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн жана айыл тургундарынын сунуштарын угуп, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын айылдарындагы (айыл жергесинде) көрүстөндөрдүн жер аянттары абдан кеңири жана алардын ээлеген аймагы чоң колөмдү түзгөндүгүнө байланыштуу көмүү жайларын брондоого муктаждык жок экендиги белгиленсин.

2. Айыл аймагынын айылдарында маркумду акыркы сапарга узатуу жана көмүү иштери айыл тургундары жана маркумдун тууган уруктары тарабынан акысыз жүргүлүшү билдирилсин.

3. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдү эсепке алуу жана толугу менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

5. Айыл өкмөтүнө айыл аймагындагы көрүстөндөрдү санитардык-гигиеналык талаптарын сакталышын көзөмөлдөө жана айланысын тосуу жагы тапшырылсын.

4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br>**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br>**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

# Т О К Т О М У

8.07.2026-жыл № 17-7 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мамлекеттик фонд (МФ) жерлеринин 2026-жылга карата ижарага берүү тартибин жана баштапкы ижара акыларын белгилөө жөнүндө.**

С. Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мамлекеттик фонд (МФ) жерлеринин 2026-жылга карата ижарага берүү тартибин жана баштапкы ижара акыларын белгилөө жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан талкууланып, сессиянын жүрүшүндө депутаттар тарабынан айтылган сунуштарды эске алып, айыл чарба жерлерин ижаралоонун келишиминин 2,3 пунктуна жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” гү мыйзамынын 34-беренесинин 4- пунктуна ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С. Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мамлекеттик фонд (МФ) жерлерини 2026-жылга карата ижарага берүүдө баштапкы ижара акысы 20% га көтөрүлсүн.
2. С. Юсупова айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мамлекеттик фонд ( МФ) жерлерин 2026-жылга карата келишим мөөнөтү аяктаган жерлерди ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссия тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте тоорук (аукцион) аркылуу ижарага берүү жагы белгиленсин.
3. Атайын түзүлгөн комиисияга айыл өкмөтүнүн аймагындагы Мамлекеттик фонд (МФ) жерлерини 2026-жылга карата ижарага берүүдө баштапкы ижара акысы 20% га көтөрүүдө айыл өкмөтү менен ижарачылар ортосунда түзүлгөн келишимдеринде көрсөтүлгөн пунктаарын толук сактоо менен мыйзамда белгиленген тартипте ижара акыларын 20% га көтөрүү жагы комиссия мүчөлөрүнө жана айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Т.Т.Юлдашевге милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

**Т О К Т О М У**

8.07.2026-жыл № 17-8 Араван айылы

**Айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Эрке-Кашка айылынын Улугбек көчөсүндө жайгашкан "Зия" атындагы аялдар медресесине кошумча 0,06 га жер тилкесин ажыратып берүү жөнүндөгү билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Эрке-Кашка айылынын Улугбек көчөсүндө жайгашкан "Зия" атындагы аялдар медресеси жана динний мекемелери тарабынан медресенин жанында жайгашкан муниципалдык жер тилкесинен медресенин имаратын чоңойтуу максатында кошумча 0,06 га жер тилкесин ажыратып берүү боюнча айыл өкмөтүнө жазган арызы жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун жер тилкесин ажыратып берүүгө айылдык кеңешинин депутаттарынан макулдук сурап жазган билдирүүсүн угуп, сөзгө чыккан депутаттардын ой- пикирлерин, суроо талаптарын эске алып, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесине ылайык С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Эрке-Кашка айылынын Улугбек көчөсүндө жайгашкан муниципалдык менчикте турган жер тилкесинен "Зия" атындагы аялдар медресесине имарат курууга 0,06 га жер тилкесин ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл өкмөтү Эрке-Кашка айылынын Улугбек көчөсүндө жайгашкан муниципалдык менчикте турган жер тилкесинен "Зия" атындагы аялдар медресесине имарат курууга 0,06 га жер тилкесин ажыратып берүүдө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесин берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин жер, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

## Т О К Т О М У

08.07.2026-жыл № 17-9 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун айыл өкмөтүнүн Ак-Шар участкасындагы № 74, 78- контурларындагы жайыт жеринен жалпы аянты 3,18 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алууга макулдук сурап жазган билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун айыл өкмөтүнүн Ак-Шар участкасындагы № 74, 78- контурларындагы жайыт жеринен жалпы аянты 3,18 га жер тилкесинен кум-шагыл аралышмасын казып алууга макулдук сурап жазган билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-февралындагы № 43 токтомуну жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 74, 78- контурларындагы жайыт жеринен жалпы аянты 3,18 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алууга макулдук берилсин.
2. Айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 74, 78- контурларындагы жайыт жеринен жалпы аянты 3,18 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ С.ЮСУПОВА<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясынын

**Т О К Т О М У**

08.07.2026-жыл № 17-10 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн "Ак ниет -Араван" муниципалдык ишканасына, Араван айылынын М.Закиров көчөсүнүн бетондоо иштерине айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 2026-жылдын экинчи жарым жылдыгында акча каржатын ажыратуу жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн "Ак ниет -Араван" муниципалдык ишканасынын таза суу түтүктөрүн оңдөп-түзөө иштерине жана Араван айылынын М.Закиров көчөсүнүн бетондоо иштерине айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 2026-жылдын экинчи жарым жылдыгында акча каржатын ажыратуу жөнүндөгү билдирүүсүн жана арызын угуп, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5 -пунктуна ылайык, С.Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын экинчи жарым жылдыгында жергиликтүү бюджетинен "Ак ниет -Араван" муниципалдык ишканасынын эсебиндеги таза суу түтүктөрүн оңдөп-түзөө иштерине 550,0 (беш жүз элүү) миң сом акча каражатын ажыратууга макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын экинчи жарым жылдыгында жергиликтүү бюджетинен Араван айылынын М.Закиров көчөсүнүн бетондоо иштерине 400,0 (төрт жүз) миң сом акча каражатын ажыратууга макулдук берилсин.
3. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен ажыратылган акча каражатын бекитилген тартипте бөлүп берүү жана максаттуу жумшалысын көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнүн бөлүм башчы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**